
# ЖЫЛДЫЗ КУРТТАРДЫН ЖАРЫШЫ



Автор: Элеонора Прояева

Сүрөтчү: Кульнар Рымбек

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЖЫЛДЫЗ КУРТТАРДЫН ЖАРЫШЫ

Автор: Элеонора Прояева
Сүрөтчү: Кульнар Рымбек
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жылдыз курттардын жарышы"(кыргыз тилинде), автор Элеонора Прояева, сүрөтчү Кульнар Рымбек, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Гонки зелёных гусениц*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Эртең Таласка жөнөйбүз! – деди атам.

– Ураааа! – компьютерди жаба коюп, буюмдарымды чогултканга өз бөлмөмө шаштым.

– Сабина дагы барабы? – деп кыйкырдым, кроссовкамды баштыкка салып жатып.

– Ооба, Зуля! Баарыбыз барабыз. – Мен атамдын жылмаюусун дубал артынан да сезип жаттым.

Таласта биздин таята,таенебиз жашайт. Алардын үйү чоң. Жемиш багына кирсең, токойго киргендей, адашып калышың да мүмкүн. Биз жыл сайын Сабина эжем экөөбүз ушул күндү күтөбүз.

Айылга келдик. Таята-таене менен кучакташып учураштык.Тандыр нан менен чайды тез эле ичип бүтүп, бакка жөнөдүк. Баары мурдагыдай элеби же жаңы бир нерселер пайда болдубу деп кызыктык.

Кара өрүк менен карагаттын ортосунда баягы эле чатыр туруптур. Таятабыз биздин келет аны оңдоп коюптур. Таянем чатырдын ичине төшөк салып, сүт менен боорсок алып келип берди. Мындай тамак менен бак ичинде күн бою жүрө берсе болот.



– Ай, курт! – Сабина чочуп кыйкырып жиберди.

– Кана? – Карасам, кара өрүктүн бутагында чоң жашыл курт соймолоп баратыптыр.

Мен Сабинадай коркок жана жийиркенчек эмесмин. Мага баары кызык! Мугалим эже мени биолог болосуң деп калат. Ким болорумду азыр билбейм. Мага сойлогон, чуркаган, секирген, учкан, сүзгөн жандуулардын баары жагат.


– Жашыл курт, бери келчи. Сен кандай коозсуң! Сабина, карасаң, тим эле аралыкты өлчөп жаткандай сойлойт экен.

Курт эми тегиз тактай бетинде сойлоп баратты.

– Кел, курттун аралыгын эсептейбиз, – деди Сабина.

Сабинанын математикадан баалары жалаң “5”. Манжалардын жардамы жок эле сандарды кошот, кемитет, бөлөт, көбөйтөт. Сабина менен дүкөнгө барган жыргал. Биз канча акча беришибиз, канча акча кайтарып алышыбыз керектигин так эсептеп коёт.

– Сен курттарды карап тур, мен үйгө чуркап барып сызгыч алып келейин, – деди Сабина.



Эки мүнөттөн соң, ал сызгыч гана эмес, смартфон да алып келип калды.

– Тааак…Тактайдын узундугу – 30см, – деди Сабина.

– Телефонду эмнеге алып келдиң? – деп сурадым мен.

– Азыр түшүндүрөм. Куртту бери буруп кой! Бактагы экинчи куртту жанына кой! Биринчиси – меники! Экинчиси – сеники! Азыр алардын ылдамдыгын көрөбүз! Бир, эки, үч! – кеттик.


Курттар Сабинанын буйругун укту окшойт, алдыга көздөй сойлой башташты. Сабина смартфондогу секундомерди белгилеп койду.

– Бол, тез, бол!  Мен сага ишенемин! Өз куртума дем берип жаттым.

– Бол, сен да ылдамда! – Сабина өзүнүкүн шаштырды.

– Кана, эмне болду? – Мен Сабинанын смартфонун карадым.

– Курттарды таятамдын шляпасына салып тур, бул жакты эсептейли. – деди ал.



Биз мындай жыйынтык чыгардык.

Менин куртум 30 сантиметрлик тактайды 10 секундада басып өттү.

Ал эми Сабинанын курту алдындагы бир тамчы сууга туш келип калып, аны айланып жүрүп, финишке 15 секундада келди.

– Бир тамчы суу кайдан пайда болуп калды!? – Сабина ачуулана түштү. – Мейли эми, сенин куртуң жеңди! Эмне үчүн дейсиңби? Себеби, ал шамдагай экен!

– Куртуң даярданып алган да. Баары бир менин куртум андан өтүп кете алган жок! Сен ылдымдык тууралуу бир нерсе айтайын дедиң беле? Көрсөтчү, ылдамдыкты кантип эсептейт? Биз андай тема өтө элекпиз.

– Анда, угуп тур.Сенин куртуңдун мисалында көрсөтүп берейин. Себеби ал бүгүн чемпион болбодубу, – Сабина какшыктап сүйлөдү.

– Курт 30 сантиметрди 10 секундда басып өттү, туурабы?

– Туура.

– Аралыкты убакытка бөлсөң,ылдамдык келип чыгат. Оңой эле! – деди Сабина.

– Анда, 30ду 10го бөлсөк, 3 чыгат. Секундасына 3см – бул менин куртумдун ылдамдыгы турбайбы!

– Сеникичи? – дедим, өзүмдүн эсептөөлөрүмө ыраазы боло.




– Ооба, менин куртум жеңилип калды. Бул чанач 30 сантиметрди 15 секундда араң өттү! – Сабина нараазы болуп сүйлөндү.

– Бирок баары бир ал деле жарышка түштү да, демек, кандай сойлосо да, ылдамдыгы бар! – деп Сабинаны сооротТум.

– Бар дечи, бирок ал өтө кыбырап сойлободубу! Ошентсе деле, эсептейлиби?

– Оңой экен да! 30ду 15ке бөлсөк, тийиндиси – 2. Сенин куртуңдун ылдамдыгы секундасына 2см, – деп жыйынтык чыгардым.



– Биздин курттар кайда? Алар качып кеткен жокпу? – Сабина кабатырланып алыптыр.

Ал болбогон нерсе үчүн  кайгыра берет.

– Мына алар, шляпанын ичинде турбайбы!

Курттар эми жарышкысы келбегендей, шляпанын бир бурчуна тыгылып алышыптыр.

– Мына бул сеникиби? – дедим мен.

– Билбейм... Балким, бул болсо керек.



Биз курттарды таятамдын шляпасына салдык да үйгө кайттык.

– Үйдөн даамдуу жыт келип жатты. Таянем менен апам түшкү тамак даярдап жатышкан окшойт. Атам менен таятам экөө эски сарайда чөп чапкычты оңдоп жатышыптыр.

– Таята, караңызчы, биз курттарды үйрөтүп алдык! – деп сарайга кирип бардык.

– Биз аларды мелдештирип, жарыштырдык! – деп Сабина сөзгө кошулду.

– Кимиси утту? – Таятам шляпанын ичиндеги биздин чемпион-курттарды көрүп. Бул жылдыз курт турбайбы. Алар көпөлөккө айланышат.

– Кайсынысы чемпион болду? – атам жакын келип, сөзгө аралашты.

Биз Сабина экөөбүз бири-бирибизди карап, күлүп жибердик.

– Достук жеңди! – дедим мен. – Кимдин курту биринчи келгени маанилүү эмес. Негизгиси, ылдамдык деген эмне, аны кантип табууга болорун билдим! Сабина мыкты түшүндүрөт экен.



Кечинде бактын ичине дасторкон жайдык. Сабина экөөбүз жанаша отурдук. Ортобузга биздин чемпион курттар салынган шляпаны коюп алдык. Таятам аларды көпөлөккө айланат дебедиби.

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Элеонора Прояева
Сүрөтчү: Кульнар Рымбек
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |